**УДК 373.2**

***Касейинова Н., Асанкулова М.***
*Касейинова Назира – магистрант, С. Нааматов атындагы НМУ*
*Асанкулова Мазира – улук окутуучу, С. Нааматов атындагы НМУ*

# ОКУУЧУЛАРДЫН КЕП МАДАНИЯТЫН ӨНҮКТҮРҮҮДӨ ҮЙ-БҮЛӨНҮН ТИЙГИЗГЕН ТААСИРИ

# ВЛИЯНИЕ СЕМЬИ НА РАЗВИТИЕ РЕЧЕВОЙ КУЛЬТУРЫ УЧАЩИХСЯ

# THE INFLUENCE OF THE FAMILY ON THE DEVELOPMENT OF STUDENTS' SPEECH CULTURE

***Аннотация:*** *Башталгыч мектепте окуучуларды окутуу учурунда бардык төрт көндүмдү өнүктүрүүгө өзгөчө көңүл буруу маанилүү. Башкача айтканда балдар менен натыйжалуу баарлашууда – угуу, сүйлөө, окуу жана жазуу бири-бири менен тыгыз байланышта болуп, баланын сөз байлыгын өстүрүүгө кеп маданиятын өнүктүрүүгө жол ачат. Макалада окуучулардын сөз байлыгын өстүрүүдө үй-бүлөдө баарлашуу тажрыйбасы зор мааниге ээ болоорун, айрым окуучулардын социалдык жана кептик байланышы чектелгени, алардын үй-бүлөдө аз баарлашуусу себеп экенин белгиледик. Балдардын өмүрүнүн алгачкы жылдарындагы баарлашуу же анын жетишсиздиги баланын окуусунун келечектеги жолун аныктайт, анын келечектеги жүрүм-турумуна жана ден соолугуна таасир этерин ырастайт. Башкача айтканда, балдар менен ата-энелер бири-бири менен канчалык көп жана сапаттуу баарлашса, бала келечекте ошончолук ийгиликтүү болот.*

***Аннотация:*** *При обучении учащихся в начальной школе важно уделять особое внимание развитию всех четырех навыков. Словарный запас позволяет эффективно общаться, слушать, говорить, читать и писать. Развитие словарного запаса ребенка открывает путь к развитию культуры речи. В статье мы отметили, что опыт общения в семье будет иметь большое значение для развития словарного запаса учащихся, что некоторые учащиеся имеют ограниченный социальный и речевой контакт, в связи с тем, что они мало общаются в семье. Общение или его отсутствие в первые годы жизни ребенка определяет будущий путь обучения ребенка, утверждая, что это повлияет на его поведение и здоровье в будущем. Другими словами, чем больше и правильно дети и родители общаются друг с другом, тем успешнее ребенок будет в будущем.*

***Abstract:*** *When teaching students in primary school, it is important to pay special attention to the development of all four skills. Vocabulary allows you to communicate effectively, listen, speak, read and write. The development of a child's vocabulary opens the way to the development of a culture of speech. In the article, we noted that the experience of communication in the family will be of great importance for the development of students' vocabulary, that some students have limited social and speech contact, due to the fact that they do not communicate much in the family. Communication or its absence in the early years of a child's life determines the child's future learning path, arguing that this will affect his behavior and health in the future. In other words, the more and correctly children and parents communicate with each other, the more successful the child will be in the future.*

***Негизги сөздөр:*** *кеп маданияты, сөз байлыгы, сөз, сөз өнөрү, үй-бүлөдөгү баарлашуу, сүйлөө кеби, окутуу, эне тили.*

***Ключевые слова:*** *культура речи, словарный запас, речь, искусство слова, общение в семье, речь, обучение, родной язык.*

***Keywords:*** *speech culture, vocabulary, speech, the art of speech, family communication, speech, learning, native language.*

Кыргыз эли байыртадан сөз өнөрүн бийик тутуп, дүйнөдө теңдешсиз улуу дастандарды, баа жеткис мазмундуу накыл кептерди жаратып, ошого жараша улам кийинки муундарын тарбиялап-өстүрүп келишкен. Бүгүнкү эгемендик кезинде мына ошол элдик сөз өнөрүн мектеп окуучуларына жеткирүү, алардын рухий дүйнөсүн мыкты адабий образдар менен байытуу, кебин өстүрүү, сүйлөө маданияты менен жазуу сабаттуулугун жаштайынан тарта бекемдөө үчүн маанилүү милдеттер коюлууда.

Чыңгыз Айтматов «Тил — улуттун кубанса кубанычы, кайгырса кайгысы жана акыл-эси. Тилсиз улут болбойт», деп айткандай баланын кеби, сөзү тил аркылуу бизге жеткирилет. Кеп аркылуу өзүбүздүн оюбузду, тилегибизди, каалообузду адамдарга жеткиликтүү түшүндүрө алабыз.

Сөз – адамдын маданияты. Куучирендиги эмес, адамдын сөзү, жүрүм-туруму гана анын маданияттуулугун айгинелейт. Адамды адам менен бириктирген – сөз, аны ажыраткан дагы – сөз. Сөз – улуу тарбиячы, акылман насааатчы, мыкты мугалим.

Сөз ошондой улуу, ошондой ажайып керемет нерсе. Ошол үчүн сөздү ыйык туталы, урматтайлы. Анын кадырын кетирбейли, таза сактайлы. Сөздү урматтап, таза сактаганыбыз – өзүбүздү урматтаганыбыз, өзүбүздү кадырлаганыбыз, өзүбүздүн таза сактагандыгыбыз. Анткени биз адамбыз, сөз билгенибиз – биздин адам экенибиздин улуу белгибиз! -деп Сулайман Рысбаев айткандай, сөз баарынан улук [7]. Демек, сөздүн кадырын билип, сөзгө конок берип сүйлөгөнгө азыркы жаш жеткинчектерди тарбиялоо ар бирибиздин милдетибиз.

А.Саадабаев адабий тилге мүнөздөмө берип, анын сөз маданияты менен болгон байланыш-катышын белгилеп көрсөтүп, сөз маданиятына төмөнкүдөй аныктама берген: «Сөз маданияты деп биз улуттук өзгөчөлүгү маанилик жактан тактыгы, сөзүнүн бай жана ар түрдүүлүгү, грамматикалык тууралыгы, логикалык ырааттуу түзүлүшү, көркөм элестүүлүгү менен айырмаланган речти айтабыз» [6,10]. Кыргызда сөз-улук, баш кесмек бар, тил кесмек жок, -деп туура сүйлөгөн адамдарга урмат менен мамиле кылышкан. Ар бир сөздүн маанисине көңүл бурушкан. Керек болсо, туура эмес сүйлөөдөн көрө, унчукпай уккан пайдалуу дешкен.

Окуучуларды кеп маданиятын өнүктүрүүгө көптөгөн эмгектер жазылган. Мисалга алсак, Т.Ашырбаев менен А.Айтмамбетованын «Кеп маданияты» деп аталган методикалык колдонмосу 2004-жылы [2,76] жогорку окуу жайларынын студенттерине арналып, анда лекция практикалык сабактар түрүндө берилген. Ал эми С.Рысбаев менен А.Акматованын «Окуучунун сүйлөө ишмердиги» [5,160] деп аталган эмгеги кеп маданиятын окутуунун методикасындагы орчундуу эмгек болуп саналат. 2012-жылы В.Мусаеванын «Сүйлөшүү маданияты аркылуу чечендик кепке үйрөтүүнүн методикасы» [8,19] аттуу методикалык колдонмосунда чечендик кепти окутууга басым жасалып, кеп маданияты аны үйрөтүүнүн каражаты катары каралган.

Башталгыч класста окуучунун эне тилинде кебин өстүрүү адабий окуу предметин окутуунун негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Мында китепте берилген көркөм тексттерди окуу менен, окуучулардын эне тилиндеги кеби өнүгөт, сөздүк кору байыйт, чыгармадагы окуяларды өз сөзү менен баяндап, сүрөттөп жана ой жүгүртүп айтып берүү менен, адабий ой жүгүртүүсүнө негиз болот [1, 5].

Башталгыч класстардагы Кыргыз тил жана адабий окуу предметтери сабат ачуу, кеп өстүрүү, кыргыз тили жана адабий окуу курстарынан турат. Сабат ачуу жана кеп өстүрүү Алиппе окуу китеби аркылуу, негизинен, 1-класста ишке ашып, андан кийин 2-3-4-

класстарда кыргыз тили жана адабий окуу китептери аркылуу өркүндөтүлүү менен, эки башка сабак окутулат.

Кыргыз тили жана адабий окуу предметтерин окутуудагы маанилүү милдеттердин бири – окуучулардын кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн өздөштүрүүсү жана аларды түрдүү чөйрөдө туура колдоно билүүсү. Эне тилди окуп-үйрөнүү процессинде окуучулар оозеки жана жазуу жүзүндө чыгармачылыгын көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүнө ээ болушат, тилди окуу тапшырмаларын аткаруу үчүн түрдүү булактардан керектүү маалыматты табуу максатында колдонууга үйрөнүшөт. Мындан тышкары, аталган предметттерди өздөштүрүү окуучунун оозеки жана жазуу кебинин сабаттуулугунун калыптанышын, эне тилинин башка предметтер менен байланышын камсыз кылууну жана ар кандай функционалдык типтеги тексттерди колдонууну камсыз кылышы керек.

Демек, аталган класстарда эне тилин окутууда көңүл өзгөчө окуу сабаттуулугун жогорулатууга багытталган компетенцияларды калыптандырууга, ошондой эле көркөм текстти мазмундуу кабыл алуу жөндөмүнө жана да чыгармада окуучулардын жаш курак, гендердик теңчилик, инклюзия жана этномаданий өзгөчөлүктөрүнө өзгөчө көңүл бурулууга тийиш [3].

Сүйлөө – адамдардын кыймыл-аракетинин бир формасы болуу менен, ал төрт жагдайда, атап айтканда, угуу, сүйлөө, окуу, жазуу сыяктуу кептик ишмердүүлүктүн түрлөрү катары көрүнөт [4,11]. Окуучуларды кеп маданиятына үйрөтүүдө окутуунун максаты адабий тилдин нормасына ылайык жаза жана туура айта билүүгө үйрөтүү менен гана чектелбейт. Окуучулардын сөз каражаттарын колдонуп, сөздү туура пайдаланып, ирээттүү сүйлөөгө, ар бир сөздү өз орду менен колдонушуна мугалим өзгөчө көңүл буруп, маани бериши керек.

Окуучулардын сөздүк кору көбөйүп, кеби байыган сайын оозеки кебинде болобу, жазуу иштериндеби макал, фразеологизм сөздөрдү колдонуп, сүйлөмдүн түзүлүшү, көп маанилүү синтаксистик конструкцияларды өздөштүрүүсү да алга жылары шексиз. Тилдин бул маанилери аркылуу бала өзүнүн билимин, кеп маданиятын калыптандырып башкалар менен сүйлөшүүдө кеңири колдонууга көнүгөт. Бала сөздөрдү, тилдик каражаттарды, көбүнчө, башкалар менен пикир алышууда кабылдайт. Бул, албетте, жетишсиздик кылат: мындай жагдайда кабылданган кеп дайыма эле толук мааниге ээ боло бербейт [9]. Ата-энелер - балдар үчүн үлгү! Ата-эненин кыймыл-аракети, сөздөрү, интонациясын туурап, аракет кылат. Ал өзү көргөндүн баарын кездемедей эле сиңирип алат. Эрте курактан баштап баланын курчаган дүйнөсү - атаэнелер. Чүрпөсүн ата-энесиндей эч ким билбейт жана ага камкордук, мээрим бере албайт. Атаэнелер үчүн көнүмүш болгон жүрүм-турум бала үчүн эталон же үлгү болуп көрүнөт, анткени ата-эне аларга эң жакын жана сүйүктүү адам. Андыктан, ата-энелер балдары аларды көрүп, күн сайын эмнени сиңирип жатканы тууралуу ойлонушу керек. Эгер ата-энелер өз айланасындагы адамдарга туура жана боорукердик менен мамиле кылса, бала жүрүм-турумдун бул моделин идеал катары кабыл алат жана ата-энесин туураганга аракет кылат. Демек, сүйлөө манералары, сөз байлыгы, кеп маданияты ата-энелердин соз коруна жараша өнүгөт. Тактап айтканда, ата-эне кандай сөз тизмектерин кебинде көп колдонсо, баласы ошону туурайт. Атаэненин кадыр-баркы бала чоңойгон сайын төмөндөп, он төрт жашка чейин калыптынат. Ошондуктан бала төрөлгөндөн баштап он төрт жашка чейин ата-энеден көп нерсени үйрөнө алат.

Үй-бүлөдө балалуу болуп, аны чоңойтуу, эрезеге жеткирүү, тарбиялоо адам баласындагы негизги жоопкерчиликтүү милдет. Кыргыз эли илгертеден эле үй-бүлөлүк тарбияга чоң маани берип келишкен. Ата-эне баланын биринчи тарбиячылары жана

өмүрлүк устаты. Баланын келечеги, билими, маданияты, жүрүм-туруму дагы ата-эненин сиңирген эмгегине, таалим-тарбия берүүсүнө байланыштуу болот.

Кыргыз эли тарбиялоонун максаты жана мазмуну жөнүндөгү кылымдардан берки түзүлгөн түптүү көз караштарын «адам кылуу» деген жөнөкөй жана улуу түшүнүк менен туюнтушат (Алимбеков 50-б.). Окуучулар сөз байлыгынын көпчүлүк бөлүгүн үй-бүлөдө, теңтуштары менен баарлашууда, жалпыга маалымдоо каражаттарынан, интернеттен алышат, күндөлүк жашоосунда үйрөнүшөт. Бир катар изилдөөлөр сөз байлыгын өстүрүү үчүн мектепке (7 жаш) чейинки курактагы тажрыйба жана ата-энелер менен баарлашуунун сапаты абдан маанилүү экендигин ырастайт.

Балдарды китепке жакын тарбиялоо үчүн аларды жаштайынан элдик оозеки чыгармачылыктын мыкты үлгүлөрү менен тааныштыруу зарыл. Балдарга жомок айтып берүү, табышмактарды таптырып, логикасын өстүрүү, макал-лакаптардын маанисин балдар менен биргеликте талкуулоо бул багыттагы эң зарыл милдеттер болуп саналат. Эне тилди сүйүү, аны окупүйрөнүү, өнүктүрүү элдик оозеки чыгармаларды сүйүүдөн башталат. Ата-энелер бала менен баарлашууну төрөлгөндөн баштап жүргүзөт. Демек, балага окуяларды айтып берүү, кыска ырларды кайталатуу бир жарым, эки жашынан башталса, үч жашынан кыска жомокторду окуп берүү менен улантылат. Алар бул жашта, улам кайталап укканды жактырышат. Мына ушул учурдан баштап эле, ата-эне баласына окурмандык көндүмдү калыптандырат.


Сөз байлыгы окуганын түшүнүү үчүн негиз болуп эсептелет. Сөз байлыгы – бул адам маанисин билип, өз кебинде колдонгон сөздөрдүн топтому. Тексттеги ар бир сөздүн маанисин түшүнүү бүтүндөй сүйлөмдүн, абзацтын, тексттин маанисин түшүнүүгө жардам берет. Тексттеги кайсы бир сөз окуучулар үчүн таптакыр түшүнүксүз, жаңы же жазылышы тааныш, бирок мааниси анчалык түшүнүктүү эмес болуп калышы мүмкүн. Сөз тааныш жана түшүнүктүү, бирок окуучулар ал сөздү кебинде жана жазууда колдонбогон жагдайлар да жолугат. Бул учурда мугалимдин жардамы негизги мааниге ээ. Балдар мектепте колдоно элек сөздөр катышкан тексттерди окутууда мугалим окуучуларга алар жөнүндө кеңири түшүндүрмө берүү зарылдыгы туулат, тактап айтканда адабий тилдеги жаңы сөздөрдү, анын ичинен кеп маданиятына үйрөтүү үчүн талданып жаткан тексттин маанисин мугалим окуучуларга кеңири түшүндүрүп бериши зарыл. Тексттерди талдоодо, анын ичинен кеп маданиятына үйрөтүү иретинде, балдар терең үйрөнүп, өз практикасында кеңири колдонушу үчүн мугалим атайын пландуу иш алып барышы керек, ал үчүн так жана конкреттүү материалдар тандалып алынып, сөздөрдүн туруктуу маанилери толугу менен сакталышы зарыл.

Биздин изилдөөбүздө «Окуу керемет» долбоору менен окутулган мектеп менен кадимки мектептин башталгыч класстарынын окуучуларынын сөз байлыгын жана кеп маданиятын баалоо максатында анкеталар алынды. Ата-энелердин балдарына кандай жардам берээри, үй тапшырмага канча ата-эне, канча убакыт бөлөөрүн ошондой эле кеп маданиятын өнүктүрүүгө кандай салым кошуп жатканын байкоого жана талдоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Анкеталардын жыйынтыгын төмөндөгүдөй талдадык.

Атаңыз же апаңыз сизге китеп окуп береби? -деген суроого “Ооба, кээде” деген 13 окуучу – 56,5%, “Ооба, дайыма 2 окуучу- 8,7%, “Жок, китеп окуп бербейт” 7 окуучу- 30,4% , “Окуп бербейт, кызыккан китебимди сатып берет” 1 окуучу 4,3% болду. Демек, 8,7% гана атаэне дайыма китеп окуп берет, бул класста 23 ата-эненин 2 гана дайыма китеп окуп берет. Ал эми ата-энелердин 30% такыр китеп окуп бербегенин аныктадык.




**1-сүрөт. Атаңыз же апаңыз сизге китеп окуп береби? - деген суроонун мониторинги.** Китеп окугандан кийин ошол китеп жөнүндө ата-энеңе айтып бересиңби?-деген суроого “Ооба, дайыма 7 окуучу - 30,43%, “Ооба, кээде” деген 12 окуучу- 52,17 %, “Жок, чогуу китеп окубайбыз”- деп 14 окуучу- 17,39% жооп берген. Демек, дайыма системалуу баарлашуу 30% гана үй-бүлөдө болот. Ата-энелердин 52% кээде гана балдары




менен баарлашат деген жыйынтыкка келсек болот. Китеп окугандан кийин ошол китеп жөнүндө атаэнеңе айтып бересиңби?

**2-сүрөт. Китеп окугандан кийин ошол китеп жөнүндө ата-энеңе айтып бересиңби? - деген суроонун мониторинги.**

Мына ушундай көптөгөн суроолорго жооп алуу менен башталгыч мектептин окуучуларынын кеп маданиятын калыптандырууда мугалим менен ата-эненин кызматташтыгы зор роль ойнойт деген жыйынтыкка келдик. Ата-энелер үчүн, мугалимдер үчүн бир нече сунуштарды иштеп чыктык. Мындан сырткары мугалим ата-энелер менен бирдикте иш-чараларды уюштуруу; окутуу процессине ата-энелердин активдүү катышуусу; “Китеп куржун”, “Окурмандын күндөлүгү” стратегияларын ишке ашырууда мугалимге көмөк көрсөтүүсү; балдардын келечеги, сөз байлыгынын өсүшү, кеп маданиятынын өнүгүшү үчүн зор салым кошкон болот.

**Адабияттар:**

1. Акишина, А. А. Русский речевой этикет [Текст]/ А. А. Акишина, Н. И. Формановская. – М.: Рус. яз. 1983. – 181 с.

2. Аширбаев, Т. Кеп маданияты. [Текст]: окуу куралы / Т. Аширбаев, Айтманбетов. – Бишкек: Бийиктик, 2004. – 76 б.

3. Кыргыз тили жана адабий окуу боюнча предметтик стандарт 1-4-класс 2022-ж.

4. Львов, М.Р. Речь младших школьников и пути ее развития [Текст] / М.Р.Львов.– М., Просвещение, 1975. – 176 с.

5. Өмүрбаев, С. Тил табияты [Текст]: адабияттык уктуруу / С.Өмүрбаев. – 2003. – 15-апр. 6. Рысбаев, С.К. Окуучунун сүйлөө ишмердиги [Текст] / С. К. Рысбаев, А. А. Акматова. – Бишкек: Jak Print, 2013. – 160 б.

7. Рысбаев С.К. Кыргыз тили**,** 25.04.2017-ж**.** https://kmborboru.su/

8. Рысбаев, С.К. Кеп маданиятын өзбек мектептеринде окутуу [Текст] / С.К. Рысбаев,
А.А. Акматова. – Ош: Билим, 2002. – 132 б.

9. Рысбаев, С.К. Кыргыз тили, адабияты окуу китептеринин мазмунун жана түзүлүшүн өркүндөтүү жолдору: [Текст]:кыргыз тили жана адаб.окуу китеби түзүүчүлөргө жардам. / С. К. Рысбаев. – Бишкек, мектеп, 1992. 80 б.